Инв. 967
Институт языка, литературы … истории
№ 146
244 стр. 1979 г.
ФАН СССР
14-Д

Айткан: Каралаев Саякбай.
жазган: Кыдырбаева Курман.

~~Инв. 150~~

„Семетей"

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв № 146
244 л. 1979 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Д – 14.

388 – 632 страниц.

9000 строк.

25/V 1947 г.

244 бет

Бу катран атак арбагы,
Кадимкидей жар болуп,
Мунун түп атасы хан болуп,
Түбүнөн колдоп жүрчүү эле,
Кара кокжал арыстан,
Бадирек Кенен баатырдын,
Кошоргону ал болуп,
Калкка сака хан болуп,
Телик күштү күш кылып,
Теңирдеги журт кылып,
Кулаалыны күш кылып,
Кураманы журт кылып,
Жабыркап турчу зор болуп,
Жакыздыктан кабатып,
Ат-аламанга тең болуп,
Арстан кокжал эр болуп,
Урунарга тоо таппай,
Уруш кылар жоо таппай,
Тилге келген адамды,
Тили менен эл кылып,
Тилге келбес макоону,
Күчкө салып ит кылып,
Берген адам барбатыр,
Берен Кенен экен деп,
Душман жадап салбатыр,
Минген аты кер тулпар,
Кер тулпар жортуп баспаган
Жерде бүгүн калбатыр,
Кенен сурак албаган
Элде бүгүн калбатыр.
Куу алаачын теппеген,
Кууда бүгүн калган жок,
Курган Кенен тийбеген,
Журтта бүгүн калган жок,
Өңгөчө султан өкүр шер
Ааламдан чыкпады мындай эр.

Тилге чечен акылман,
Тиктегенин жок кылган,
Каардууну кайсаган,
Келтектенди келиштирген,
Мага недир дегендин,
Башын жарып жемиштирген,
Козголгондон чаң чыккан,
Кобурунан жан чыккан,
Беттеп адам барбаптыр,
Бейли тар колун жайбаптыр,
Беттешкен тирүү калбаптыр.
Жоро күчүн эр жыйып,
Телегейден тең жыйып,
Калк башкарып жер күтүп,
Калык жыйнап эл күтүп,
Самаган ишин болтуруп,
Сандыгынын баарысын,
Сары алтын мүлкко толтуруп,
Ой ойлонуп эл багып,
Кабыландай, кап алып,
Кабылан Кенен атанып,
Кармаганын ок кылып,
Каарын төккөн душмандын,
Кан чыгарып жок кылып,
Каяша айтар эл калбай,
Кайран көкжал болду дейт,
Атасынан бабасы,
Кадимкидей башына,
Бакты-дөөлөт конду дейт,
Калк чуркурап эл айтып,
Калк атасы болду дейт,
Түгөнгөн сайын түгөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,

Өлгөн сайын оорчугон,
Өзүн кыдыр эрчиген,
Таалайды артык багы чок,
Мунун баатырлыгы дагы чок.
Көзү көрдү алыстан,
Эң билгичил даанышман,
Жер жүзүнө жарыша,
Жеке чыгар жарыштан,
Төрт күлүгү шай болду
Төрө агасы Сейтектен,
Артыла турган жан болду.
Жай жайлоого кондуруп,
Көчүштаган көп элди,
Эрки менен болтуруп,
Эл эмгегин жүрт күтүп,
Эл короосу болду эле,
Баатырдыгы, шердиги,
Көктөмдө чөптөй толду эми,
Айбаттаныш чаңырса,
Арстандай көзү кыздарын,
Кадам арыш кучагы,
Ай аалам га уздарын,
Жан жолдошу жүз болуп,
Жоролору эр болуп,
Канат куйрук тең болуп,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эр келип,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетпес шер келип,
Айбагы, артык заары күч,
Асыл Кенен көк жалдан,
Артыгыраак тең келип,